**А.Жаманбаев атындагы толук эмес орто мектеби**

**Усулдук кеңештин август айында откорулгөн чогулушунун**

**Протоколу № 1 15.08.22.**

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1.2021-2022-окуу жылында аткарылган иштердин жыйынтыгы

2.Окуу планы боюнча сааттарды бөлүштүрүү

3.Жаңы окуу жылына иш план түзүү

4.Жаш мугалимдерге насаатчы мугалим бекитүү

1-маселе боюнча ОББ Солтоева З.К. 2021-2022-окуу жылында аткарылган иштердин жыйынтыгы боюнча усулдук бирикме жетекчилеринин тексттик отчетторунун негизинде жалпы мектептин текстик отчету даярдалганы боюнча маалымат берди.(Тиркеме-1)

2-маселе боюнча ОББ Солтоева З.К. баяндамасы.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтомунун негизинде кабыл алынган мамлекеттик билим берүү стандарты жана 2022-жылдын 28-майында Билим берүү жана илим министрлигинин №869\1 буйругунун негизинде кабыл алынган базистик окуу планы менен башталгандыгы боюнча кыскача маалымат берди.

"Кыргыз тили","Орус тили" окуу предметтери эне тили катары 1-класстан 9-класска чейин окутулат."Кыргыз тили", "Орус тили" предметтеринин окуу жүктөмүнө саттын саны ар бир жалпы билим берүүчү уюмдун окутуу жүргүзүлгөн тилинен көз каранды болот.

"Кыргыз адабияты", "Орус адабияты" өз тилинин адабияты катары жана "Кыргыз адабияты" жана "Орус адабияты" 5-9-класстарда мурдатан бекитилген стандарттар ,окуу программалары боюнча окутулат.

Тарых предмети 5-9-класстарда окуу программасына ылайык, "Дүйнө тарых" жана "Кыргызстан тарыхы" курстары менен кезектешип окутулат.

5-6-класстарда "Тарых "предмети боюнча сабактар предметтик стандартка, 7-9-класстарда колдонулуп жаткан окуу программасына ылайык, жумасына 2 саат окутулат. Журналдарга "Тарых" деген бирдиктүү аталыш менен жазылат. Негизги жана толук мектептеги мамлекеттик бүтүрүү экзамендери Кыргызстан тарыхынан гана тапшырылат.

5-6-класстарда "Адам жана коом предметин окутуу жаңы предметтик стандартка , окуу программасына ылайык ишке ашырылат. 9-класстарда "Адам жана коом" предметин окутуу мурда бекитилген прогрмма боюнча ишке ашырылат.

"Мен жана дүйнө" ,"Табият таануу" предмети 1-4-класстарда "Турмуш тиричилик коопсуздугун негиздери" жана "Адеп" предметтери менен интеграцияланып окутулат. 5-класста "Табият таануу" предмети жумасына 1 саат окутулат. 5-класстагы интеграцияланган курсу өзүнө курчап турган кубулуштар жөнүндөгү материалдарды камтып, мектеп окуучуларын табигый-илимий предметтерди КР жалпы билим берүү мектебинин 6-9-класста окууга даярдайт.

7-9-класстарда "Физика" предметин окутууга жумасына 2 саат, 9-класста 3 саат бөлүнгөн.

**Токтом:**

1. Мамлекеттик тилдин бир айлыгына карата иш чаралар канааттандыраарлык деп табылсын.

2. Ар бир предметтик мугалим сабак өтүүдө предмет менен тилди интеграциялап окутуу колго алынсын.

3. Өздөштүрүүсү начар 5-класстардын окуучуларына иш пландардын негизинде мугалимдер 2-маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчилери олимпиада боюнча жылдык пландар түзулүп бекитилгендигин, олимпиадалык топ түзулуп, жуманын ар шейшемби

жана бейшемби күндөрү мектепте жана мындан сырткары окуучулар атайын окуу тарабынан жардам көрсөтүлсүн.

4. Мугалимдер тарабынан олимпиадалык топ менен иштөө күчөтүлсүн.

**Усулдук кеңештин төрайымы:** **Мусапырова Г.А.**

**Катчы:** **Жантаева Н.**